**Бишкек шаарындагы №31 мектеп-гимназиясынын кыргыз тили мугалими Жунусова Айгүл шаршенбековнанын 3-в классында өтүлгөн "Биздин үй" деген темадагы сабактын өздүк анализи**

Мен бүгүнкү ачык сабакта 3-в класстын окуучуларын тандап алдым, менин тобумда 20 окуучу окуйт. Бул класста иштегениме экинчи жыл болду. Окуучуларым ар дайым сабакка даярданып келишет, өздөрүн сабак учурунда активдүү алып жүрүшөт. Үйгө берилген тапшырмаларды жоопкерчилик менен аткарышат.

Бүгүнкү сабакта биз "Биздин үй" теманын үстүндө иштедик

Сабактын максаты:

А) Окуучуларга кайда? деген суроого жооп берген сөздөрдү "Биздин үй" деген тема аркылуу түшүндүрүп берүү

Б ) Окуучуларды текст аркылуу алынган сөздөрдү күнүмдүк турмушта, коомдо колдоно билүүгө көнүктүрүү. Сөз байлыктарын өстүрүү, өнүктүрүү

В) Патриоттуулукка тарбиялоо

Сабакта балдардын барын сураганга жетише алдым. -Кандай? деген суроонун мүчөсү -да экенин жана ал тыбышка карата –до, -дө болуп өзгөрүлөрүн, доскага илинген бөлмөдөгү эмеректердин сүрөттөрү аркылуу түшүндүрдүм.

Сөздүк иши жүргүзүлүп, анда сөздөрдү сүрөттөрү жана котормосу менен түшүндүрдүм

Текст менен иштөөдө ; окуттуу, суроо- жооп, калтырылган сөздөрдү таптыруу деген түрлөрүн колдондум. Сабагым оюн аралаш сабак болду. "чымын чапмай" оюну аркылуу бүгүнкү өтүлгөн сабакта алган билимдерин бышыкташты.

Сабакта окутуунун 3 формасы аткарылды;

1. жекече иштешти.

2. Топ менен иштешти.

3. Жалпы класстык иш өткөрүлдү

Окутуунун методдорунан:

Көрсөтмөлүүлүк, практикалык методдру бул сабакка ылайык деп эсептедим.Кыргыз тилин урматтап, сүйлөөгө тарбиялоодо,оюн,фонетикалык чакан тапшырмалар чоң мааниге ээ.